КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
ТАЛАС ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

Shaar.kenesh@gmail.com

Shaar.kenesh@gmail.com

# Талас шаардык кеңешинин IX чакырылыштагы кезектеги XIII сессиясынын №102/13-9 ТОКТОМУ

**19-март, 2026-жыл** **Талас шаары**

**Талас шаардык кенешинин 13.07.2021-жылдагы №16/4-8 Талас шаарынын аймагында таштанды чыгаруу боюнча салыктык жыйындын көлөмү жөнүндө токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүмүнүн 1-пункту, Кыргыз Республикасынын Салыктык эмес кирешелер жөнүндө кодексинин 74-76-беренелерине ылайык,Талас шаарынын мэриясынын 12.03.2026-жылдагы №01-19/918 сандуу катынын негизинде, Талас шаардык кенешинин "Бюджет жана муниципалдык менчик башкаруу боюнча" туруктуу комиссиясынын корутундусун карап, талкуулап чыгып, Талас шаардык кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Талас шаардык кенешинин 13.07.2021-жылдагы №16/4-8 Талас шаарынын аймагында таштанды чыгаруу боюнча салыктык жыйымдын көлөмү жөнүндө токтомуна төмөндөгүдөй өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин.
2. Аталган токтомдун 1-пунктундагы "Талас шаарынын аймагындагы юридикалык жана физикалык (жеке ишкерлер) жактардан таштанды чыгаруу боюнча салыктык эмес жыйымдар киши башына 50 сомдон бекитилсин жана жергиликтүү бюджетке төлөө мөөнөтү" деген жерге "жыйымды төлөө жана эсептөөлөрдү тапшыруу мөөнөтү ар бир жылдын 1-апрелине чейин деп белгиленсин жана учурдагы жылдын 1-апрелинен кийин жаңы катталган субьекттер үчүн жыйымды төлөө жана эсептөөнү тапшыруу мөөнөтү кийинки айдын 20сынан кечиктирбестен жүргүзүлсүн" деп бекитилсин.
3. Кабыл алынган токтомду Талас шаарынын мэриясынын сайтына жайгаштыруу жана Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актылардын мамлекеттик реестринен каттоодон өткөрүүнү көзөмөлгө алуу Талас шаардык кенешинин жооптуу катчысына (Сариева А.С.) милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышына көзөмөлдүк кылуу Талас шаардык кенешинин "Бюджет жана муниципалдык менчик башкаруу боюнча" туруктуу комиссиясынын төрагасына (Суйунтбеков А.О.) тапшырылсын.

**Төрага** **К.Джаныбеков**